УДК: 82-9(575.2)
DOI 10.33514/1694-7851-2025-3/2-19-27

**Байгазиев М.К.**
филология илимдеринин кандидаты, доцент
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
**Замирбек кызы Т.**
магистрант
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.

# АКЫН ТАБЫЛДЫ МУКАНОВДУН СҮЙҮҮ ТЕМАСЫНА БАЙЛАНЫШКАН КАТТАРЫНЫН ИДЕЯЛЫК МАЗМУНУ ЖАНА ТЕМАТИКАСЫ

**Аннотация.** Аталган макалада Акын Табылды Мукановдун жалпы чыгармачылыгы 1960-80-жылдардын контекстинде каралат.Акын кыргыз адабияты ар тараптуу өнүгүп формалык жана стилдик жаңылануугa туш болуп турган учурда кыргыз поэзия айдыңына кошулган.Адеп келген күндөн тартып традициялык ыр түзүлүшүнөн сырткары жаңы деп аталган “верлибр” формасында ырларын жаратып кыргыз поэзиясы үчүн зор салымын кошкон инсан.Акын поэзиянын бүткүл багытында эмгктенген.Чыгармаларынын ичинен сүйүү темасына өзгөчө көңүл бөлүп, көптөгөн мыкты ырларды жаратып кеткен. Сүйүү лирикалары андан сырткары сүйүүгө байланышкан каттары, күндөлүктөрү кыргыз адабиятында өз ордун таап, махабат темасын жазууда мыкты акындардын бири экендигин аныктаган акындардан болуп саналат. Акындын чыгармачылыгы жалпы жонунан эркин ыр түзүлүшүндө жазылган. Тактап айтканда формалык жана стилдик жактан кыргыз поэзиясына жаңылануунy алып келүүгө зор эмгек сиңирген. Чыгармачылыгын аныкташ үчүн замандаш калемдештеринин чыгармалары мисал катары иликтөөгө алынды.

**Негизги сөздөр:** Чыгармачылык, иштеп чыгуу, доор, инсан, социалдык, экономикалык саясий абал, жыйнак, коом, мезгил, уруулук, улутчулдук, ар намыс, комуз.

**Байгазиев М.К.**
кандидант филологических наук, доцент
Кыргызкий государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек
**Замирбек кызы Т.**
магистрант
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек

## ИДЕЙНОЕ СОДЕРЖАНИЕ И ТЕМАТИКА ПИСЕМ ПОЭТА ТАБЫЛДЫ МУКАНОВА НА ТЕМУ ЛЮБВИ

**Аннотация.** В данной статье рассматривается общее творчество поэта Муканова в контексте 1960 – 80-х годов. Поэт присоединился к месяцу Кыргызской поэзии, когда кыргызская литература столкнулась с формальным и стилистическим обновлением по мере ее всестороннего развития. С момента прихода Адеп внес большой вклад в Кыргызскую поэзию, создав, помимо традиционной песенной структуры, новые песни в форме так называемых “верлибров”. Поэт работал во всем направлении поэзии. Среди его работ особое внимание уделяется теме любви, создал много отличных песен. Любовная лирика кроме того, любовные письма, дневники занимают свое место в кыргызской литературе и определяют одного из лучших поэтов в написании любовной темы. Творчество поэта в целом написано в свободной стиховой структуре. В частности, внес большой вклад в формальное и стилистическое обновление Кыргызской поэзии. Современник для определения творчества.в качестве примера были исследованы работы его коллег по переписке.

**Ключевые слова:** творчество, развитие, эпоха, личность, социальная, экономическая политическая ситуация, коллекция, общество, период, племя, национализм, честь, комуз.

**Baigaziev M.K.**
Candidate of Philological Sciences, Associate Professor Departments
Kyrgyz state university named after I. Arabaev
Bishkek c.
**Zamirbek kyzy T.**
master’s student
Kyrgyz state university named after I. Arabaev
Bishkek c.

## THE IDEOLOGICAL CONTENT AND SUBJECT MATTER OF THE LETTERS OF THE POET TABYLDY MUKANOV ON THE THEME OF LOVE

**Annotation.** This article examines the general work of the poet Mukanov in the context of the 1960s and 80s.The poet joined the month of Kyrgyz Poetry, when Kyrgyz literature faced a formal and stylistic renewal as it developed comprehensively.Since his arrival, Adep has made a great contribution to Kyrgyz poetry, creating, in addition to the traditional song structure, new songs in the form of so-called “verlibres”.The poet worked in the whole field of poetry.Among his works, special attention is paid to the theme of love., He created a lot of great songs.In addition, love letters and diaries occupy their place in Kyrgyz literature and define one of the best poets in writing a love theme.The poet's work as a whole is written in a free verse structure.In particular, he made a great

contribution to the formal and stylistic renewal of Kyrgyz poetry. A contemporary for defining creativity.As an example, the work of his pen colleagues was examined.

**Key words:** creativity, development, epoch, personality, social, economic, political situation, collection, society, period, tribe, nationalism, honor, community.

Адам баласы жарык дүйнөгө келип боортоктоп жерден боорун көтөргөнгө чейин эле дүйнөнүн, жаратылыштын кооздугун түшүнбөгөнү менен наристелик сезими менен күнү-түнү дебей кайсыл убакта болбосун курсагын тойгузуп эмизип, көз карегинен артык сактап караган энесине болгон наристелик тартылуу, акыл-эси калыптана элек учурда эле алгачкы сүйүүсү, багып караган энесине арналат окшобойбу. Сүйүүнүн түрү көп экенин баары эле жакшы түшүнүшсө керек. Энеге болгонсүйүү,атага,мекенге,досчулукка, бир тууганчылыкка ж.б жылт эткен нерсеге карата болгон сүйүүлөр деле кездешет эмеспи.

Адам баласы табиятынан ар кандай туюм-сезимдерге бай келет.Ал дүйнөнү акыл-эси менен аңдап тааныйт.Ошол дүйнөнү аңдап таануусу аркылуу бүтүндөй социалдык мүнөзгө ээ болуп, коомдук өсүп-өнүгүү жолунда жекече адамдык сапаттарга ээ болуу менен башкалардан өзгөчөлөнүү процессинде көрөңгөлөнүп,өрчүп отурат. Буга адам баласындагы ашыктык,ашык болуу маселесин мисал катары көрсөтсөк болот.

Ушул эле темада орус классикалык поэзиясынын башында турган Пушкин, Лермонтов башка дүйнө элдеринен чыккан Байрон, Данте, Р. Гамзатов, Абай, Барпы, Алыкул сыяктуу акындардын лирикасын улаган Омор Султанов ж.б. акындарды жолуктурабыз. Ошону менен катар көптөгөн акындарда күнүмдүк жашоо-турмушундагы орчундуу окуялары менен катар, кайсыл бир жакын адамдары тууралуу жазган күндөлүктөрү, каттары кездешет. Мисалы, орус акындары Пушкин, Лермонтов, А. Ахматова, М.Цветаева сыяктуу акындардын күндөлүктөрү, сүйүктүү адамдарына арнап жазган каттары өзүнчө китеп болуп чыгып окурмандар арасында зор кызыгууну жаратып келгенин билебиз. Ал гана эмес айрымдарынын күндөлүк каттары изилдөөгө алынып, илимий дицертациялар жазылганы тууралуу маалыматтарды жолуктура алдык. Алыкул Осмоновдун, Мукай Элебаевдин калтырып кеткен күндөлүк, каттарын мисалга алсак болот. Акындын алгачкы жазган каттары, каарманын сыртынан көрүп, ашык болгон учурунда таанышуу иретинде жолдогон каттарынан башталат.

«Саламатсызбы? Атыңызды билбегендиктен бул ырды “Бейтаанышка”деп койдум, кечириңиз?-деп алгачкы таанышуу маанайындагы катына кошуп мындай маанидеги ырын кошо жөнөтот.

Мен сизге көздөрүмдү жолуктурам
көчөдөн,почтамптан,кээде бактан.
Мен сизди ичтен сызып ооруп турам,
көркүмдү, көңүлүмдү желе баскан!
Сезбейсиз көптөн бери мага тааныш
чачыңыз, эриниңиз, иймегиңиз.
Мен – желге шуудураган кара камыш,
сиз мага от ыргытып бийлединиз! (1.Ырды кыскартып алдык.Изилдөөнүн жүрүшү менен кайрылып турабыз. Ырдын өзү айтып тургандай ырдагы автор ыры менен катын жөнөткөн сүйүктүү каарманы менен бетме-бет сүйлөшүп көргөн эмес. Сыртынан тааныйт, сыртынан көз салып жүрөт. Сүйүү сезими жан дүйнөсүн бийлеп жалбырттап күйүп турат.Чын дилинен ашык

экендигин ынандыргысы келет. Чын эле ашык экендигин ишендиргиси келет. ”Көрүңүз карегимден өзүңүздү”– деп жан дүйнөсүнө жуурулушкан махабаттын улуу сезимин көздөрүнөн көргөзгүсү келет. Тез арада таанышкысы келет.Түз барып ашыктыгын айтуу ыйманына жол бербейт. Кандай болсо дагы улуттук салтты бекем карманат. Эр жүрөктүк кылып макулдугусуз бетме-бет кездешип, ашыктыгын айтуу кыргыз салтында болгон эмес. Канчалык деңгээлдеги баатыр болбосун, даанышман-ойчул болбосун арага киши салуу аркылуу чечилген. Кыз тараптан болсо кыздын курдаштары же жеңелери аркылуу гана ишке ашкан. Мунун бардыгы улуттук маданият, каада-салтка байланышкан. Ал эми кыз бал үчүн бет келди таанышып, эрчишип кетүү кыргыз түшүнүгүндө жашаган эмес. ”Кызга кырк үйдөн тыюу” деген сөз бекеринен айтылбаса керек. ”Акын Т.Мукановдун сүйүү лирикасы сапаттык жактан жогорку деңгээлде дешке болот” [2, 101-б]. Замандын агымы, коомдун жана цивилизациянын өнүгүшүнө жараша таанышуу жолдору дагы учурдун талабына ылайыкташкан.Акын Табылды Муканов үчүн дал ушул жол туура келет. Ал жол катына кошуп жазган таанышуу, ашыктык ырларын курдаштары аркылуу же болбосо Клара менен жатаканада чогу жашаган курбулары аркылуу жеткизип берүү. Жогорудагы таанышуу ырынын акыркы саптарында:

Бараткан кыял сермеп түнөгүнө
Биз али тайгак кечүү, тар жолдобуз...
Сиз, балким, тоңуп турган жүрөгүмө
Түбөлүк келе жаткан ЖАЗ болбоңуз [1, 16-б]!? Акыркы саптарында айтып тургандай али экөөнүн сүйүүлөрүнөн дайын жок. Сүйүү азырынча бир гана тарапта. ”Биз али тайгак кечүү, тар жолдобуз”. Балким таанышуулары аягына чыкпай калышы мүмкүн. Али бүдөмүк. Ырдын акыркы сабында “ЖАЗ” деген сөздү чоң тамга менен жазганында чоң маани жатат. Жаз деген сөздүн өзү акын үчүн сүйүүнүн жазы. Жашоонун жазы. Бул сөздүн алдында сүйүшүп жашоо. Жарык дүйнөнүн бактылуу күндөрү.” Акындар болсо аарыдан бетер сүйүүнүн гүлүн издегени да, искегени да токтолбойт” деп [6, 419-б]. А.Жакшылыков айткандай, ушул сыяктуу жакшы жышаандар менен жашоо акын үчүн зор бакыт болмок. Биздин байкашыбызча акындын сүйүү тематикасы, сүйүү лирикасы дал ошол ашык болгон Кларанын мамилесине жараша калыптанат. Кларадан жакшы жооп алса маанайды көтөргөн оптимистик ырлар жаралып, Кларанын кабагы бузулса окурмандын дагы кабагын салбыраткан маанайдагы пессимистик ырлар жаралаары турган иш. Себеби, акын турмуш чындыгын гана чагылдыргандыктан кандай кабылдаса дал өзүндөй кылып окурманга тартуу кылмакчы. Ырдын аягына жазган катын мындайча улайт.

“Бул катты алып, балким күлөөрсүз. Анткени бир эле шаарда,б.а., бир эле окуу жайында жүрүп кат жазышуу сизге осолураак туюлар. Менимче, анын эч кандай деле одонолугу жок. Анткени оозеки айталбаган сөзүн кагаз жүзүндө айта алышы мүмкүн, же тескерисинче. Туурабы, Клара” [1, 16-б].

“Таланттын таланттыгын, тапкычтын тапкычтыгын, чебердин чебердигин сыноочу болсоң анын башкалар миң жолу кайрылып, узун-туурасын аралап, актап бүткөн темалар менен идеялардан эч ким көрүп, жаза элек жаңылык чыгарып, капарга алынбаган майда-барат, таштанды материалдардан жогорку сапат белгиси бар асыл буюмдарды жасай ала турган артыкчылыгынан карап көр. Эргежел арымдуу чабал акын жаңыдан эски, бийиктен жапыс жаратат. Жаңычыл калемгер төңкөрүшчүл-көөнөргөндү кулпунтуп, жапысты бийикке, майданы залкарга айлантат, баарын өз деңгээлине көтөрөт” -деп адабиятчы-сынчы К.Даутов

адилет белгилегендей бул темага кимдер гана кайрылбады[3, 195-б]. Бир жагынан карасаң чынында эле бардыгы жазып бүтүп эч нерсеси калбагандай туюлганы менен ар кимдин сүйүү даремети өзүнүн алына жараша болот эмеспи. Акын Омор Султанов кайсыл бир төрт сап ырында белгилегендей “Сүйөт десе сүйүптүрмүн ченебей, сүйүүдө ар жок, жэ менде ар жок кенедей” демекчи, жазган ыры аркылуу сүйүү деңгээли таразаланат эмеспи[5, 116-б]. Табылды Мукановдун сүйүү лирикалары дагы дал жогоруда мисалга алынган каты менен кошо жөнөтүлгөн алгачкы сүйүү тууралуу ырынан башталат. Эгерде жалпы чыгармачылыгына көз чаптыра турган болсок аталган ырына чейинки мезгилдердеги ырларынын ичинен сүйүү темасындагы бир дагы ырын кездештире алган жокпуз. Ушундай көрүнүштөн улам бизге бир ой келет демек, акын Табылдынын ой-кыял жашоосунан каарманы Кларанын орун алышы акын катары калыптанышына жана чыгармачылыктын чоң дангыр жолуна түшүшүнө бирден-бир себеп болгон десек жаңылыштык болбос. Сүйүү темасындагы ырларынын көпчүлүгү жазган каттарынын мазмуну менен байланышат.

“Сага кезиккен сайын:”Кандай...”дейм.

Сен: ”Жакшы”...Улам кайталана берчү сөздөр, адамды тажатып жиберет өңдөнөт... Бейкам деле сүйлөшө албайбыз... Бардык жерыңгайсыз көрүнөт бизге...Күлүшүп коебуз да, эки жакка кетебиз...

Бир топко ойлонууга туура келет: ”Мындан башка кандай мамиле кылсам? Ушинтип коюп эле жүрө беребизби? Жэ ачык эле айтсамбы? Жо-ок, антпешим керек, ага орой сезилип калышы мүмкүн...”Анан өзүмдүн өтүмсүздүгүмө, сөзгө чоркоктугума өкүнөм. ”Атаганат – дейм ичимден... – кыз деле ачык сүйлөшсө, тартынбаса, уялбаса...”, катты кыскартып алып жатабыз себеби, ушул катка окшош узун жазылгандары көп андыктан маанилүү жерлерин гана алып калгандарына кыскача комментарий берүүгө аракет кылабыз [4-к.20-б].

Демек каттын маанисине караганда биринчи жазган каты менен экинчисинин ортосундагы аралыкты ушундан байкасак болот. Адеп жазган катында кезикмек түгүл сыртынан гана таанып, сыртынан гана көз салып жүргөн. Ал эми бул жазган катында экөө кезигип ооз учунан гана учурашканга мүмкүнчүлүк түзгөн. Алгачкы кездешүү акын үчүн ийгилик деле алып келбептир. ”Сен канддай кабыл аласың, билбейм. Анткени ички сырыңды биле элекмин. А сен ар дайым сыр алдыырбоого тырышкансып көрүнөсүң мага. Ойлочу, экөөбүз башкалар өңдүү кечелерде, тойлордо... таанышкан жокпуз. Башкалардай кол алышып, аттарыбызды да аташпадык. ”Келиңиз, таанышып албайлыбы”– десем, сен: ”Ансыз деле билесиз да”, – деп койдуң. Сунулуп бараткан колумду тартып алгам...”– деп атканына караганда биринчи кездешүүдөн кийин батынып бара алган эмес. Ошондой болсо да Клара тараптан болгон мамилеге теригип калбастан адатка айланган кат жазуусун токтоткон эмес, тескерисинче каттарынын мманилери өзгөрүп, кара сөздүн поэтикасын тапкан өңдөнөт. Ар бир жазган катында өзүнүн ырлары болбосо, дүйнөлүк классик акындардын сүйүү темасындагы ырларынын эң маанилүү деген жерлеринен үзүп катынын маанисине ылайыктап жөнөтүп турган. Беларус акыны Петрус Бровканын мындай ырынан цитата алып жөнөтүптүр.

Казался веком день весенний,  
Я ждал свидания с тобой.  
С трудом дождался от волнения,  
Молчал начала как немой [1, 16-б].

Табылдынын жазган каты менен ойлогон оюна дал келген кандай керемет ыр. Кандай таамай айтылган ой жатат. Акындын ар бир жөнөткөн каттарында ушул сыяктуу классик

акындардын ырларынан алыынган цитаталар байма-бай кездешет. Бир жагынан карасаң жандай көргөн адамына мыкты жазылган ырларды издеп табыш үчүн кандай талыкпаган эмгек керек. Дүйнөлүк классиканы аңтарып-теңтерген, классикалык чыгармаларды издеп жатып өзүнүн жеке интеллектуалдык деңгээлин көтөргөн. Поэтикалык изденүүнүн жолу дал ушундай эмгектин натыйжасында ишке ашкан.

Табылдынын жазуу стили өтө жөнөкөй. Кандай сөздү жазбасын, оозеки айтпасын бардыгы жүрөгүнөн  айтылат. Поэтикалык образдарды колдонуп, күнүмдүк турмуштук көрүнүштү (сагынып, күтүп жолукпай калган учурду)көркөм текстке айлантып жиберген.

Табылдынын бул жазган каты – сүйүүнүн, назиктиктин жана инсандык урматтоонун символу катары адабий баалуу текст болуп эсептелет. Кыска катта зор маани, терең сезим жана көркөм чеберчилик камтылган. Мындай мазмундуу жана маанилүүкаттын тексти окурмандын жүрөгүнөн тез жана ишеничтүү жол табат,а нткени анда чындык, тазалык, назиктик жашайт. Жөнөкөй сөздөр аркылуу терең эмоционалдык дүйнө ачылып, сүйүүнүн эң таза. тунуктугу чагылдырылган. Ушул сыяктуу жүрөктүн түпкүрүнөн чыккан чынчыл сөздөрү аркылуу кандай аялзаты болбосун анын жүрөгүнөн орун ала алмак. Ушундай таза, чынчыл сапаттарынан улам автор сүйүктүү адамы Кларанын жүрөгүнөн түнөк таба алган. Каттарынын аягында жазылган ай-жылдардын даталарын сүрүштүрүүдөн улам Кларанын көңүлүн толук өзүнө буруп, үйлөнүү учуруна жакындап калганы сезилет. Бирок, толук ишенимине кирип, Кларааны эң жакын ишенимдүү адамы катары сезгени менен сүйгөнүнө болгон кызганычы ар кандай ойдон жан дүйнөсүн бошотпойт. Канчалык ой-санаасы чачыраганына карабай бир катынын артынан экинчисин ыры менен кошо жөнөтө берүүдөн тажабайт.

“ Менин каттарымды өзүң эле окуп жүрчү, алтыным. Кларочка!

Мен бул катты кылымда сага жаш баладай эркелеп, элесинди кадимкидей көз алдыма келтирип... жазып олтурам. Кечир, мен сенин алдыңа өзүмдү жигитмин деп кербез кармабадым; кечир, мен сенин алдыңда куру намыска чиренип сага сыр алдыргым келген жок; кечир, өзүмдүн ички дүйнөмдү сахнадай кең ачып салдым сага; кечир, мен сенин алдыңда өзүмдү барктуу , кадырлуу кылып көрсөтпөдүм ; сен мени беш колуңдай билдиң го! Адамды сөзүнө карап баа берүү чеберчилик... Бул катты болор-болбос шыгыма салып жазып жаткан жерим жок, баары көңүлдүкү...

Азыр түнкү саат 1:00. Уйкум келбейт. Мен 2-корпуска 8:30да бардым. Сырткы скамейкада отурдум. 28ге барып лекция тыңшап турдум. Бир убакта звонок болду. Сени чыгып калабы деген ой менен скамейкага кайра баргам. Чыкпадың. Кайра сабагыңар башталды. Силердин топ бир уучка да жетпейт көрүнөт. Жоксуң. Балким аягында чыгар деп көгөрүп тура бердим.

Жоксун! Оо, асылым... саат 10 болуп кетиптир. Чуркап жатаканага барайын деп ойлодум. Бирок сабыр кылдым.

Керимдерге жолуктум. Сураштырдым. Алар айтты: “2 сааттай отурам, анан кетем”,- деген деп. Капаландым. Кетер убактысын мага неге так айтпады деп. Ошентип, саат 11де шылкыйып үйгө кайттым.

Мээриминдин мейкининде мертингим келет! Сен мени ушундай абалга унчукпай этпей эле алып келип койдуң! (Экилүү экен дей бербе деги, тамаша). Жо чын, ушунчалык сага ашыгым артып турат, Клара! (Одоно туюлса кечир мени, кептин чыны жакшы). Сөздөрүңө чаңкайм, сагындым! (Окучу сабагыңдан көп калбай, берекем!)  Өзүң эле чеччи. Мага окууңдун кереги жок десем да болот, сен керексиң! Адамгерчилигиң керек!

Өбөм, өбөм, өбөм-м! Табылдың

Каттын башталышынан тарта эле окурман Табылдынын сүйүүсүн таза, аруу жана терең экенин сезет. “Менин каттарымды өзүң эле окуп жүрчү , алтыным, Кларочка!” –бул сөздөр менен автор өзүнүн эркелигин, назиктикке сугарылган жылуу мамилесин билдирет. Катта ал бир нече ирет кечирим сурайт: “Кечир , мен өзүмдү жигитмин деп кербез кармабадым... Кечир, өзүмдүн ички дүйнөмдү сахнадай кең ачып салдым сага ...” Бул кайталанган кайрылуулар – автордун сүйүүсүнө болгон чынчылдыгын жана чын дилден чыккан тартынычын билдирет. Ал өзүнүн жан дүйнөсүн толугу менен ачып берип жатат. Бул –сүйүүгө берилгендиктин белгиси гана эмес, адабий каттын күчтүү лирикалык өзөгүн түзгөн көрүнүш.

Катта Табылдынын сагынычы гана эмес, анын күнүмдүк жашоосу, Кларанны ойлоп ар бир кадамынын кандай мааниге ээ болуп жатканы да сүрөттөлөт. “2-корпуска 8:30да бардым... скамейкада отурдум...чыгасыңбы деп күттүм...” деген саптар- бул жөн ган окуя эмес, бул күтүүнүн драмасы. Күтүү -махабаттагы эң оор, бирок эң терең эмоцияналдык тажрыйба. Табылды бул абалды поэтикалык тили менен сүрөттөйт. Окурман бул абалды автордун жалгызсырап. Ошол эле учурда үмүт менен жашап жатканын түшүнөт.

1. Автордун психологиялык абалы жана сүйүүгө болгон көз карашы

Каттын автору сүйүүсүнө берилген, бирок ошол эле учурда кызганычтын жана түшүнбөстүктүн кучагында калган. “Үмүтүм үзүлө элек” десе да, “Үзүү сенде” деп, чечимди Кларанын колуна берип жатат. Бул – адамдын ички дүйнөсүндөгү кайгы-муңдун жана сүйүүнүн ортосундагы күрөштү чагылдырган көрүнүш.

Каттагы эң күчтүү сезимдердин бири – кызганыч. Автор Кларанын башка жигиттер менен болгон байланышын укканда, анын ичинен кандайдыр бир жарылуу болгонун сезип жатабыз: “Бир эсе көңүлүм дүр-р этип алды да, бир эсе сага таарындым…” Бул – сүйүүнүн бир түрдүү мүнөзү, адамга болгон ээлик кылууну жана өзүнө болгон ишенбестикти көрсөтөт.

2. Коомдук нормалар жана адабий ойлор

Каттын өзгөчөлүктөрүнүн бири – автордун ойлорун адабий цитаталар менен бекемдегени. Ал бир нече жазуучулардын ойлорун келтирип, алардын ичинен сүйүү, өзүмчүлдүк, акылмандык, адамдык сапаттар жөнүндө сөз кылат. Бул жерде эки маанилүү нерсе байкалат:

1. Өзүнүн сезимдерин акыл менен түшүндүрүүгө аракеттенүү. Бул – сүйүүнүн табиятын логикага салып чечмелөөгө жасалган аракет. Бирок сүйүү – рационалдуу эмес сезим, аны акыл менен түшүндүрүү кыйын.

2. Кларанын чечимин философиялык жактан анализдөө. Автор анын орой мамилесин өзүмчүлдүк, жашоонун мыйзамдары же коомдук көз караштар аркылуу чечмелегиси келет. 3. Каттагы карама-каршылыктар

Автор Кларага болгон мамилесинде туруктуулукту сактай албай жаткандай. Бирде ал ага болгон сүйүүсүн айгинелеп, жалдырап суранып, өзүнүн алсыздыгын билдирет. Экинчи учурда Кларанны уяткарууга, анын жан дүйнөсүн чечмелөөгө аракет кылат. Бул кайчы ойлор катты өтө эмоционалдуу кылып көрсөтөт.

“Сен мага түшүнбөй койдуңбу, же мен сага түшүнбөй жатамынбы?”

деп өзүнө да, Кларага да суроо берет. Бирок каттын аягына жакын:

“Сен сырыңды бирөөгө ачып койгон окшойсуң”

деп, кызды күнөөлөп баштайт.

Бул карама-каршылыктардан автордун ички тынчсызданyуусу, өзүн өзү жоготуп жаткандай абалда экенин түшүнүүгө болот.

Жазуу ыкмасы – бул инсандык күрөштү, сүйүү жана акылдын каршылыгын ачып берген көркөм кат формасындагы баяндоо. Окурман кат аркылуу эки адамдын ортосундагы мамилени, сүйүүнүн ар кандай мүнөздөрүн, ошондой эле адамдык ички дүйнөнүн татаалдыгын көрө алат.

Бул кат – сүйүүнүн, үмүтсүздүктүн, адамдык мамилелердин айкашкан татаал чагылдырылышы. Автордун сезимдери кээде өтө романтикалуу, кээде агрессивдүү, кээде болсо философиялык көз караште айтылат. Бирок негизги маселе чечилбей калгандай сезилет: Клара чынында эле аны сүйбөй калдыбы же жөн гана убакыт жана мейкиндик аларды алыстатып жатабы?

Каттан алынган эң чоң сабак – сүйүү эч качан бир тараптуу болбойт. Эгерде эки адамдын ортосунда байланыш жоголсо, анда ага философиялык түшүндүрмө издегенден көрө, жөн гана бир чечимге келүү маанилүүрөөк. Бул катта автор чечимди Кларанын колуна таштагандай көрүнгөнү менен, өзү дагы жоопкерчиликтен качып жаткандай таасир калтырат.

Бул кат – сүйүүнүн трагедиясы менен философиясынын аралашмасы. Бирок анын эң негизги маңызы – сүйүү ар бир адам үчүн ар башкача экендигин, аны логикага салып түшүндүрүү мүмкүн эместигин көрсөтүү.

“Апа, айланайын, ак чачыңызга таазим этем. Мага түшүнсөңүз боло, жок дегенде чыпалактын учунчалык. Мен Кларaны, кыздарымды ушунчалык сүйөм. Аларсыз жашоо мага ушунчалык оор. Акча салып турууга, чынын айтайын, чамам келбей жатат. Же жылда китебим чыгып турбаса, же кантип жатасың деп каралашкан, күйгөн адамым болбосо, частный квартира издеп сандалып, же үйдөн жылуу суу ичпесем, же аялымдын ласкасын көрбөсөм... Мен автомат эмесмин, мындай шартта бирдеме жазуу кыйын экен. Мен акчаны ойлобой эле Жокини, Айсуну, Кларочкамды, сизди ойлоп жатам.

Мага күйгөн-бышкан байкуш Жамый эже гана. Айылга жибердим. Кеңешсин туугандарга Сиз андан көрө мага анча-мынча жөлөк-таяк болуп, үй-бүлөмдү калыбына келтирүүгө көмөк бериниз.

Эртең деле керек болуп калармын...

Баарыңарды кучактап өбөм! [1, 96-б].

Бул катта сүйүү жана үй-бүлөлүк мамилелер темасы негизги орунду ээлеп, бүткүл текстти камтыйт. Автор энесине чын жүрөктөн жана ачык сөздөр менен кайрылып, анда ал өзүнүн үй-бүлөсүнө, өзгөчө Кларага жана кыздарына болгон терең сүйүүсүн жана камкордугун билдирет. Бул кат жашоонун оор учурларын башынан кечирип, жакындарынын сүйүүсүнө жана колдоосуна болгон көз карандылыгын түшүнгөн адамдын ички дүйнөсүн ачып берет.

Табылды Мукановдун Кларага жазган ар кандай темадагы каттары менен сүйүү темасына байланышкан каттары бир канча. Биз болгону жеке турмушуна жана сүйүүгө байланышкан каттарын гана карап чыкканга аракет кылдык. Жалпылап айтканда акындын Кларага жана башка адамдарга жазган ар кандай темадагы каттарынын бардыгы поэтикалык мүнөзгө эгедер. Аталган каттары аркылуу адам катары, акын катары жеке интеллектуалдык деңгээлин түшүнө алабыз. Тактап айтканда аталган бир канча каттары аркылуу акындын турмуш-тагдырындагы оош-кыйыштуу көрүнүштөрүнө күбө болуу менен чыгармачылык жолундагы урунттуу учурлары катары баамдасак туура болчудай.

**Колдонулган адабияттарды**

1. Муканов Т. Автограф. – Бишкек-2020.

2. Байгазиев М. 1960-80-жылдардагы кыргыз адабияты Акын табылды мукановдун пейзаждык лирикасы // Илимий ачылыштар. 2024, №3, –101-б.
3. Даутов К. Жаңы чектерге. – Ф., Кыргызсан.1980. – 195-б.
4. Муканов Т. Арчадай жашыл элем,– Б., 2002. – 45-46 бб.
5. Султанов О. Жан берели сүйүүгө, – Бишкек – 1996.
6. Жакшылыков А. Залкарлар замандаштар.”Улуу тоолор”, Бишкек – 2018.

**Рецензент: филология илимдеринин кандидаты Устабаева Г.**